**«БЕКИТИЛДИ»**
**«М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети» Илимий - изилдөө университетинин өнүктүрүү жана мамлекеттик тил боюнча проректор**
**э.и.д., доцент Супаева Г.Т.**
**___________________________**
**«_5_» ___06___ 2024 г.**

**«М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети» Илимий - изилдөө университетинин «Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит» кафедрасынын отурумунун**

**№ 10 ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**

**Бишкек шаары** **«04» июнь 2024-ж.**

**КАТЫШТЫ:**

1. Ногойбаева Эльвира Кубанычбековна – кафедра башчысы, экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.12) - отурумдун төрайымы.
2. Жумабаев Жамалгазы - экономика илимдеринин доктору, профессор (08.00.05).
3. Суранаев Туратбек Джамалбекович - - экономика илимдеринин доктору, профессор (08.00.12) – илимий жетекчи.
4. Осмонова Айнура Анваровна - экономика илимдеринин доктору, профессор (08.00.12).
5. Жума кызы Раиза - экономика илимдеринин доктору, профессор (08.00.10).
6. Бексултанов Азисбек Абдилкариевич - экономика илимдеринин доктору, доцент (08.00.10).
7. Ишенов Бейшенбек Чонмурунович - экономика илимдеринин доктору, профессор (08.00.10).
8. Омуркулова Гульмира Кадырбердиевна - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.12).

9. Маматова Назира Абдиллаевна - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.12).

10. Бердибаева Какен Тулебаевна - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.05).

11. Чойбекова Динара Рыскуловна - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.05).

12. Адамкулова Ельмира Калмашевна - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.05).

13. Затравина Светлана Владимировна - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.05).

14. Незаметдинова Элеонора Владимировна - экономика илимдеринин кандидаты, доцент (08.00.05).

15. Аильчинова Сайкал Умаровна – ага окутуучу.

16. Жунусова Гульнара Бедельбаевна - ага окутуучу.

17. Сыдыгалиева Нурайым Шамшыбековна - ага окутуучу.

18. Чапаева Наргиза Доктурбековна – ага окутуучу.

19. Доолоткелдиева Назира Маметжумаевна – ага окутуучу, отурумдун катчысы.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Бакай кызы Жамиланын «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» темасындагы 08.00.12. – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкулоо.

**УГУШТУ:**

**Ногойбаева Э.К., жыйындын төрайымы:** Урматтуу кафедранын мүчөлөрү, кесиптештер, бүгүнкү отурумдун күн тартибинде изденүүчү Бакай кызы Жамиланын «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» темасындагы 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкулообуз керек.

Бакай кызы Жамила 1975 –ж. төрөлгөн. Жогорку билими бар. 2012-ж. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин экономика факультетинин «Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит» кесибинин окуусун аяктаган. Эмгек жолун 1995-жылы баштап, учурда 25

жылдан ашык эмгек стажы бар. Азыркы учурда Ж. Баласагын атындагы КУУда башкы бухгалтер болуп иштейт.

2017-жылы М. Рыскулбеков атындагы КЭУнун аспирантурасына 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистигине тапшырып, 2018-жылы кандидаттык диссертациясынын темасын бекиткен.

Илимий жетекчиси: экономика илимдеринин доктору, профессор Суранаев Туратбек Джамалбекович.

Аспирант бүтүргөн диссертациясын катышуучулардын талкуусуна сунуштады.

Диссертациялык иш М. Рыскулбеков атындагы КЭУ ИИУнун «Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит» кафедрасында аткарылды.

Сунушталган диссертациялык иш менен таанышкан рецензенттер: э.и.д., профессор Жумабаев Ж.Ж. (08.00.05), э.и.д., профессор Осмонова А.А. (08.00.12), э.и.к., доцент Омуркулова Г.К. (08.00.12), э.и.к., доцент Ногойбаева Э.К. (08.00.12).

Диссертациялык иш боюнча кыскача маалымат берүү үчүн сөз изденүүчү Бакай кызы Жамилага берилет.

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР:**

**Бакай кызы Жамила, изденүүчү:** Саламатсыздарбы, урматтуу төрайым жана кафедра мүчөлөрү, сиздердин кароонуздарга «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» деген темадагы диссертациялык ишимди сунуштайм.

Кайра иштетүүчү ишканалар - акыркы продукцияны чыгаруу үчүн чийки затты же жарым фабрикаттарды кайра иштетип чыгып керектөөчүлөргө жеткирүү менен иш жүргүзөт.

Бул ишканалар тамак-аш өнөр жайы, химиялык өнөр жай, металлургия, текстиль өнөр жай жана башкалар сыяктуу ар кандай тармактарда болушу мүмкүн.

Алар чийки затты алып, ар кандай процесстер жана технологиялар аркылуу аларды сатууга же колдонууга даяр акыркы продукцияга айландырышат. Кайра иштетүүчү ишканалардын ишинин маанилүү аспектиси болуп аз чыгымдар менен эң жогорку сапаттагы продукцияны алуу үчүн өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу болуп саналат.

• Кайра иштетүү ишканаларында стратегиялык башкаруу эсеби ишкананы өнүктүрүү стратегиясын калыптандырууда жана ишке ашырууда негизги ролду ойнойт. Бул жерде жагдай бизнес үчүн өзгөчө маанилүү болгон стратегиялык башкаруу эсебинин кээ бир аспектилерин колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

• Кайра иштетүүчү ишканаларда чийки заттын, энергиянын, эмгектин жана башка ресурстардын чыгымдарын жана баасын эсепке алуу абдан маанилүү.

Жалпысынан алганда, кайра иштетүүчү ишканаларда стратегиялык башкаруу эсеби жетекчиликке стратегиялык максаттарга жетүү жана узак мөөнөттүү келечекте ишкананын ийгиликтүү иштешин жана өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган,неги чечимдерди кабыл алууга жардам берет.

Максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:

1. кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилерин изилдөө;
2. кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйбаны изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларына экономикалык талдоо жүргүзүү;
4. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмаларын аныктоо;
5. кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөрдү аныктоо;
6. кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөө процессинин жүрүшүндө биз төмөнкү илимий натыйжаларды алдык:

1. кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилери изилденди;
2. кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкару эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйба изилденди;
3. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын экономикалык абалына талдоо жүргүзүлдү;
4. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмалары аныкталды;
5. кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөр аныкталды;
6. кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштар ишелип чыкты.

I Бөлүм. Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүүнүн теориялык негиздери.

- Эсеп-кысап адамзат өөрчүп-өнүгүшү менен бирге мындан миндеген жыл мурун пайда болгон. Анын алгачкы кадамы тарых үчүн эбегейсиз таасирин тийгизди. Жашоо тиричилигинин керектөөлөрү эсеп-кысаптын өнүгүшүнө алып келип, анын таасиринен өз кезегинде адамзаттын цивилизациясынын бөлүнгүс бөлүктөрү болгон жазуу жана математика илимдеринин өсүшүнө түрткү болгону баарыбызга белгилүү.

- «Бухгалтер» термини адамзаттын жашоосунда XV кылымда пайда болгон. Инсбруктагы эсеп-кысап палатасынын иш жүргүзүүчүсү Христофор Истехер бухгалтер деген наамды алган биринчи кызмат адамы болуп эсептелет. Германияда 1498-жылга чейин эсеп-кысап китептерин алып жүргөн адамдар катчы деп аталчу.

- Ушул убакыттан тартып «бухгалтер», «бухгалтерия» деген терминдер эски аттарын сүрүп чыгарып, бара-бара бардык жерлерге тарала баштаган, ал эми XVIII кылымда Россияга да өткөн. Бул кылымдын башында Петр 1-нин реформасынан кийин соода компаниялары кеңири таралып, фабрикалар менен заводдор пайда боло баштаган, аларга эсеп-кысапты сабаттуу жүргүзүү талап кылынган.

- Эсеп-кысап ишине ал кездерде белгилүү көңүл бурулганы менен бухгалтердик китептерди туура алып барууну билген квалификациялуу адамдар аз болгон. Ошондуктан Россияда бухгалтердин наамын биринчи алган адам чет өлкөлүк киши болгондугу бекеринен эмес. Ал киши голландиялык соодагер Тиммерман эле, ал 1732- жылы 11-сентябрда Коммерц-Коллегиянын буйругу боюнча Петербургдук бажыкананын башкы бухгалтери болуп дайындалган.

- Кыргыз республикасында илгертен эле «эсепчи» же «санакчы» деген термин тээ атам замандан, Манас-Ата менен бирге жаралган болсо да, «бухгалтер» термини көбүнесе советтик доорго, өнөр жай тармагынын калыптануу мезгилине таандык. Биринчи бухгалтерлерди даярдоо айыл чарба жана финансы техникумдарында уюштурулган.

- Батыш өлкөлөрүндө башкаруу эсебинин өнүгүү тарыхы көптөгөн маалыматтарга бай.

- 1940-жылдардын аягында Англо-америкалык өндүрүштүк совет АКШнын экономикасынын динамикасы башка өлкөлөрдөгү өндүрүштүн натыйжалуулугунун өсүшүнөн ашып кеткендигин белгиледи. Өнөр жай ишканаларын башкаруунун тажрыйбасын үйрөнүү үчүн адистердин бир нече топторун АКШга жиберүү чечими кабыл алынды. Алардын арасында АКШнын ишканаларында бухгалтердик эсептин абалын изилдеген бухгалтерлердин тобу, изилденген маселелер боюнча тийиштүү докладдар жасалган.

- 1950-жылы Улуу Британияда «Башкаруу эсеби» термини кенири колдонулуп баштаган.


«Эсеп саясаты» термини Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 1997-жылдын 1-октябрдагы буйругунун негизинде Бухгалтердик эсеп жөнүндө жободо мыйзамдуу бекитилген жана ошондой эле экономикалык адабияттарда, практикада кеңири таралган.

Стратегиялык башкаруу эсеби жана талдоо системасы жөнүндө алыскы жана жакынкы чет элдик окумуштуулардын эмгектеринде изилденген. Мисалга алып карасак: Б. Нидлз, Дж. Рис, Т. Стоун, П. Фридман, Дж. Фостер, Ч. Хорнгрен, С. Энтони, А. Яругова, Х. Андерсен, А. Апчер, Ш. Датар, К. Друри, Д. Колдуэлла, С.Манн, Э.Майера.

М.С. Ержанов, К.Ш. Дюсембаев, Т.П. Карпова, Н.П. Кондратов, К.Т. Тайгашинова, Д.Ураков, О.Е. Николаева, С.Д. Жакипбеков, С.А. Николаева, В.Ф. Палий, Л.В. Попова, Г.В. Савицкая, Я.В.Соколов, В.И. Ткач., А.Д. Шеремет, Широбокова В.Г., ж.б.


Ата мекендик окумуштуулар тарабынан Стратегиялык башкаруу эсеби жана талдоо системасы изилденип, алардын эмгектеринде баса белгиленген. Алар: М. И. Исраилов, О.К.Курманбеков, А.А. Арзыбаев, А.О. Осмоналиев, Д.К.Омуралиева, Ж.Т.Тургунбаев, Т.Ж. Суранаев, К.М. Назарматова, Э.У. Кулова, Ж.М. Байсалова, А.Б. Ботобеков. Ж.П.Пиримбаев, К.Ж.Чалова, У.С.Сулайманова, Р. А. Узенбаев, Г.К Өмуркулова, ж.б.

II Бөлүм. Кайра иштетүү ишканаларындагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү талдоолор.




1-сүр. Ички дүң продукциялардын жана өнөр жай продукциясынын көлөмү

1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй 2022-ж. өнөр жай продукциясынын көлөмү 425 945,9 м.с. түздү. Ал эми ички дүң продукциялардын көлөмү 971 034,9 м.с.




2-сүр. Өнөр жай продукциясынын көлөмү (2022 жыл 2021-жылга карата пайыз менен)

Талдоолордун жыйынтыгын толугу менен слайддарда көрө аласыздар.

III Бөлүм. Стратегиялык башкаруу эсебинин көйгөйлөрү жана чечүү жолдору.

Бул бөлүмдө стратегиялык башкаруу эсебинин көйгөйлөрү аныкталган, алардын ичинде:

- Өндүрүштүк чыгымдарды көзөмөлдөө көйгөйлөрү,
- Продукциялардын санынын көптүгүндөгү көйгөйлөр,
- Запастарды башкаруу көйгөйлөрү,
- Мезгилдик суроо-талаптын өзгөрүүсүндөгү көйгөйлөр,
- Продукциянын сапатын көзөмөлдөөдөгү көйгөйлөр,
- Кошумча чыгымдарды эсепке алуудагы көйгөйлөр,
- Көмүскө экономиканын көлөмүн азайтуудагы көйгөйлөр.

Өндүрүштүк чыгымдарды көзөмөлдөө көйгөйлөрү: кайра иштетүүнүн бир нече этаптары, чийки заттардын түрлөрү, калдыктарды жана сапатсыз продукцияны алуудагы көйгөйлөр, кошумча чыгымдарды эсепке алуудагы көйгөйлөр, өндүрүштүк чыгымдарды баалоодогу көйгөйлөр, кошумча чыгымдарды эсепке алуудагы көйгөйлөр.

Өндүрүштү башкаруунун жана чыгымдарды эсепке алуудагы көйгөйлөр: өндүрүштүк айланаудагы өзгөрүүлөр, чыгымдарды бөлүштүрүүдөгү көйгөйлөр, автоматташтыруу жана санариптештирүү, бирдиктүү эмес чыгымдардын түзүмү, продукциянын өздүк наркын эсепке алуудагы көйгөйлөр.

Өндүрүштүк башкаруу жана өндүрүш көйгөйлөрү: ар бир продукциянын жеке өзгөчөлүктөрүн эсепке алуунун көйгөйлөрү, өндүрүштү кеңейтүү зарылчылыгы, продукт ассортиментин башкаруу, өндүрүштүк технологиялардын ар түрдүүлүгү, жалпы чыгымдарды эсепке алуу жана аларды продукциянын ортосунда бөлүштүрүү.

Даяр продукциялардын чыгымдарын башкаруудагы көйгөйлөр: продукциялардын кирешелүүлүгүн талдоо, продукциялардын убактысын башкаруу, продукциялардын топторунун жана бренддеринин ар түрдүүлүгү, продукцияны айырмалоо муктаждыгы.

Стратегиялык башкаруу эсебин өркүндөтүүнү уюштуруудагы сунуштар:

- Заманбап IT чечимдердин интеграциясы
- Кадрларды даярдоо жана өнүктүрүү.
- Стратегиялык пландаштыруу жана болжолдоо.
- Ички көзөмөлдүк жана аудит тармагын өркүндөтүү.
- Эл аралык стандарттарды жана тажрыйбаларды колдонуу.
- Киберкоопсуздукту жогорулатуу.
- Документтердин айлануусун санариптештирүү. Документтердин айлануусун санариптештирүү.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!

**Ногойбаева Э.К., жыйындын төрайымы:** Доклад бүттү, суроолорго өтөлү. Кимде суроо бар?

**Жумабаев Ж.Ж., э.и.д., профессор:** Жамила Бакаевна, докладыңызга рахмат! Менде мындай суроо. Теориялык жактан стратегиянын маанисин кандай түшүнөсүз? Стратегиялык башкаруу эсеби жана талдоо кандай илим менен байланыштуу, себеби ошол илимдеги көтөрүлгөн маселени башкаруу эсеби жана талдоо аркылуу чечүүгө болот?

**Бакай кызы Жамила, изденүүчү:** Илимий жактан алганда стратегиянын мааниси компаниянын (ишкананын) атаандаштык артыкчылык менен өнүгүүсүн алдын ала көздөгөн планды издөө. Ошондуктан стратегияны иштеп чыгуу стратегияляк менеджмент менен байланыштуу. Стратегиянын ийгилиги ачык белгиленген бир максатка жетүүгө умтулган иш аракети аткарылышында. Коюлган максаттар өтө аз жана алардын бири бири менен байланышы болушу керек, максатка жетишүү узак мөөнөттө аткарылышы мүмкүн. Стратегияны аткаруу үчүн

ресурстар пайдаланат. Ошондуктан стратегиялык иш чараны аткарылышын, ресурстардын пайдалынышын жөнгө салууну башкаруу стратегиялык эсеп жана талдоо аркылуу жүргүзүүгө болот.

**Бексултанов А.А., э.и.д., доцент:** Биринчи суроо, иш жүзүндо статегиялык башкаруу эсеби жана талдоо кайра иштетүүчү жана тамак аш онор жай ишканалардын онүгүү сратегиясын аткарууда иштоо тартиби кандайча жүргүзүлот жана кандай жетишкендиктерге алып келет? Экинчи суроо, диссертациялык ишинизди кайсыл мекеме, ишканаларда тастыктадыныз?

**Бакай кызы Жамила, изденүүчү:** Кандай, кайсы тармактын болбосун стратегия көп жылдык мөөнөткө иштелип чыгат. Ошондуктан стратегиялык максатка жетишүү үчүн ар бир иштин жоопту аткаруучусу, ресурстардын түшүшү жана чыгымдалышы, иштердин аткарылыш мөөнөтү бар. Аларды жөнгө салуу, б.а. бакарууну уюштуруу башкаруу эсеби болбошу мүмкүн эмес, ал маалымат менен стратегиялык талдоо жүргүзүп экономикалык башкаруу чечими кабыл алынат, б.а. стратегиялык башкаруу жүргүзүлөт. Бул сиздин биринчи суроонузга жооп. Экинчи суроого: диссертациялык ишти тастыктоо Кыргыз Республикасынын айыл чарба жана кайра иштетүү министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин окуу борборунда талкууланып, берилген сунуштар жана коюлган максаттар тастыкталды.

**Ишенов Б.Ч., э.и.д., профессор:** Диссертациялык ишинизде сиздин илимий ишиниздин маанисинде буга чейин кайсыл жергиликтүү окумуштуулар изилдөө жургүзгөн?

**Бакай кызы Жамила, изденүүчү:** Башкаруу эсебинин өз ара аракеттешүүсүнүн жаны тенденциялары, ошондой эле базар экономикасына өтүү шарттарында чыгымдардын эсебин түзүү маселелери ата мекендик окумуштуулар тарабынан изилденип, алардын эмгектеринде баса белгиленген. Алар: М. И. Исраилов, О.К.Курманбеков, А.А. Арзыбаев, А.О. Осмоналиев, Д.К.Омуралиева, Ж.Т.Тургунбаев, Т.Ж. Суранаев, К.М. Назарматова, Э.У. Кулова, Ж.М. Байсалова, А.Б. Ботобеков. Ж.П.Пиримбаев, К.Ж.Чалова, У.С.Сулайманова, Р. А. Узенбаев, Г.К Өмуркулова, ж.б., эмгектеринде ишкананын эсеп саясаты изилденген ж.б.у.с.

**Ногойбаева Э.К., э.и.к., доцент:** Менде эки суроо: Стратегиялык башкаруу эсебин тажрыйбада колдонууда кандай илимий жанылыктарды алдыныз? Жана стратегиялык башкаруу эсебин кайра иштетүүчү ишканаларда кандай көйгөйлөрдү көрө алдыныз?

**Бакай кызы Жамила, изденүүчү:** Изилдөө процессинин жүрүшүндө төмөнкү илимий натыйжаларды алдык: кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана

методологиялык аспектилери изилденди; кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйба изилденди; Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын экономикалык абалына талдоо жүргүзүлдү; Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын экономикалык абалына талдоо жүргүзүлдү; Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмалары аныкталды; кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлор аныкталды, кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыкты.

Экинчи суроого жооп: кайра иштетүү ишканаларында башкаруу эсеби өндүрүш айлануусунун өзгөчөлүктөрүнө, тармактын өзгөчөлүгүнө байланыштуу бир катар өзгөчө кйгөйлөр бар экендигине кубөө болдук. Көйгөйлөр боюнча диссертациялык иштин 3.1 параграфта көрсөтүлгөн.

Мисалы айта кетсем: өндүрүштүк чыгымдарды көзөмөлдөө көйгөйлөрү, өндүрүштү башкаруунун жана чыгымдарды эсепке алуудагы көйгөйлөр, ишкананын ички жана тышкы чөйрөсүнүн башкаруудагы байкоолор, өндүрүштүк башкаруу жана өндүрүш көйгөйлөрү, даяр продукциялардын чыгымдарын башкаруудагы көйгөйлөр, суроо-талаптардын, баа саясатын жана стандарттарды башкаруу көйгөйлөрү.

**Омуркулова Г.К., э.и.к., доцент:** Стратегиялык башкаруу эсеби кайра иштетүүчү ишканалар үчүн кандай артыкчылыктарды пайда кылат? Диссертациянын илимий жаңылыктарын аныктоодо кайсы өлкөлөрдүн тажрыйбаларын изилдеп чыктыныз?

**Бакай кызы Жамила, изденүүчү:** Стратегиялык эсептин бир топ артыкчылыктары бар, аларды тиешелүү негизинен 5- топко бөлсөк болот:

1) ресурстук чыгымдарды (чийки зат, энергия, эмгек, финансы) ишкананын максаттарына ылайык үнөмдөөгө алып келет;

2) кирешелердин туруктуу өсүшүнө оболго түзөт;

3) тоболкечиликтерди талдоо аркылуу анын жыйынтыгына практикалык жактан баа берип, аларды азайтуу чараларын иштеп чыгууга шарт түзөт;

4) базар экономикасынын ички жана тышкы чакырыктарына туруштук берүү менен өнүгүүнү камсыз кылат;

5) өздук наркты көзөмөлдөө кирешелердин туруктуу өсүшүнө оболго түзүү аркылуу инфляция менен салык саясатынын ачык болушуна түрткү болот (1- главада).

Стратегиялык башкаруу эсеби негизинен Американын, Батыш Европанын жана Россиянын өнөр жай ишканаларында колдонгондуктан, ошолордун тажрыйбасын изилдеп чыгып, аларды ата мекендик

ишканалардын өзгөчөлүктөрүн эске алып пайдаланууга сунуштадык (3-главада).

**Бердибаева К.Т., э.и.к., доцент:** Стратегиялык башкаруу эсебин уюштуруу, сиздин оюнузча көмускө экономиканы азайтууга жана мамлекеттик бюджеттин кирешесин көбөйтүүгө таасирин тийгизе алабы?

Диссертациянын материалдары кайсы илимий журналдарда жарык көрду жана жалпы баллы УАКтын талаптарына жооп береби?

**Бакай кызы Жамила, изденүүчү:** Сөзсүз таасирин тийгизет. Стратегиялык башкаруу эсеби ишкананын ички саясаты болгондуктан чыгымдарды мамлекеттик, биринчи кезекте салык кызматы тарабынан көзөмөлдөө бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Ошондуктан, диссертацияда стратегиялык башкаруу эсебин мыйзам аркылуу киргизип (башкаруу эсебинин бир бөлүгү катары), андагы маалыматтарды салык, аудит аркылуу текшерүү керек экендигин сунуштадык.

Ооба УАКтын талаптарына жооп берет. Жалпы баллы – 122 балл.

8 макала төмөнкү илимий журналдарда жарык көрдү: М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин Кабарлары, Известия ВУЗов Кыргызстана, Экономика и бизнес: теория и практика. Дагы 3 макала басып чыгарууга берилди.

**Ногойбаева Э.К., жыйындын төрайымы:** Изденүүчүгө дагы суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөз рецензенттерге берилет.

**Жумабаев Ж.Ж., э.и.д., профессор:** Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык өнүүгү багытын ишке ашырууда стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоону колонуу , уюштуруу болуп саналат. Республикасынын айыл чарбасынын майнаптуулугун жогорулатууда кайра иштетүүчү ишканалардын ролу жогору. Бирок өндүрүлгөн өндүрүмдүн көпчүлүгү бат бузулууга дуушар жана чийки зат түрүндө алыскы жакка ташуу кыйнчылыкты түзөт. Ошондуктан агрардык сектордун келечектеги өнүгүшү кайра иштетүүчү ишканалрадын өндүрүштүк потенциалын жогорулатууга байланыштуу болгондуктан бул тармак стратегиялык менеджменти ишке ашырыш үчүн орто, узак мөөнөткө өнүүгү стратегиясын иштеп чыгышы зарыл. Жакшы стратегия анан мазмунунда эмес анын иш жүзүнө аткарылышы менен байланыштуу. Стратегиялык иш планда ким кайсы бөлүктү аткарууга жоопту, кандай ишти аткарышы жана бүткөрүү убагы, чыгымдын эсеби, ж.б. стратгияны аткаруга керектүү иштер толук көрсөтүлүшү керек. Стрптгиялык өнүүгүү планынын аткарылы башкаруучулук эсепти жана талдоо системаларын ишке кийрүү аркылуу аткарылат. Кайра иштетүүчү жана тамак аш өнөр жай ишканаларынын экономикасынын өнүгүү стратегиясында инновацияны, жаңы

технологияларды киргизүү, алдыңкы иш-тажрыйба колдонуу жагы албетте каралат. Алардын эсеби алынбаса, талдоо жүргүзүлбөсө статегиялык өнүгү иш чараларын аткарууну башкаруу мүмкүн эмес болгондуктан аларды системалуу колдонуу зарылчылыгы келип чыкты, башкача айтканда алар статегиялык башкарууну уюштурууга өбөлгө түзөт. Башкаруучулук эсеп жана талдоо системасын колдонуу тармактын стартегиялык өнүгүүсүн жүргүзүүнүн натыйжаларын жогорулатат жана айыл чарбасында чакан чарбалар басымдуулук шартында алардын өндүрүмүн даяр товарга иштеп чыгуу жана керектүүчүлөргө жеткирүү маселелери илимий изилдөөго муктаж. Ошондуктан изилдөө актуалдуу деп эсептесек болот.

Жалпысынан диссертациялык иш толук өз алдынча аткарылган изилдөө катары санасак болот, андагы теориялык жана логикалык негизги илимий жоболор, корутундулар, сунуштар жана сунуштамалар туура көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш илимий жаңылыктын элементтерин камтыган жана практикалык мааниге ээ өз алдынча жана толук жазылган илимий изилдөө болуп саналат.

Корголууга коюлган илимий жоболор, натыйжалар, корутундулар менен жыйынтыктоолор жетишерлик негизде, жүйөлүү жана ишенимдүү негизделген.

Диссетациялык иш кыргызча жазылган, бул мактоого татыктуу. Бирок редакциялык кемчиликтер жана терминдер туура колдонулбаган учурлары кездешет.

Бул белгиленген кемчиликтер иштин актуалдуулугун, аргументтүүлүгүн, изилдөөнүн ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн, анын теориялык жана практикалык маанисин эч кандай төмөндөтпөйт.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн автору Бакай кызы Жамила 08.00.12 - бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоосун колдоого татыктуу.

**Осмонова А.А., э.и.д., профессор:** Бакай кызы Жамиланын 08.00.12-бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн талкууга сунушталган диссертациялык иши актуалдуу темада аткарылды. Долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашыруу жана коюлган максаттарга жетүү үчүн кайра иштетүү тармагында финансылык ресурстарды эффективдүү башкаруу жана контролдоо стратегиялык мааниге ээ. Процесс өнөр жайы өндүрүштүн ар кандай этаптары үчүн чыгымдардын так эсебин талап кылган татаал технологиялык процесстерди камтыйт. Туура эсеп өндүрүш процесстерин оптималдаштырууга жана чыгымдарды кыскартууга жардам берет.

Технологиянын жана санариптештирүүнүн тез өнүгүшү менен стратегиялык башкаруу эсеби башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн

маанилүү болуп баратат. Бул жагынан алганда, тандалган изилдөө темасы актуалдуу болуп саналат.

Бакай кызы Жамила чоң иш жасады, бирок, мен эмнеге көңүл буруу керектигин белгилеп, учурдагы сын-пикирлерди баса белгилегим келет:

1) диссертацияда стратегиялык башкаруу эсебин колдонуу практикасы жетиштүү түрдө ачылган эмес. Кайра иштетүү тармагындагы конкреттүү ишканалардын мисалында субъекттин чыгымдарын, чыгашаларын жана стратегиялык мүмкүнчүлүктөрүн талдоо зарыл;

2) стратегиялык башкарууда инновациялар чөйрөсүндө ФОЭСти колдонуу жетиштүү деңгээлде каралган эмес;

3) өтүнмө ээси башкаруу эсебинин жаңы инструменттерин жана технологияларын иштеп чыгууга багытталган маселелер боюнча изилдөөлөрдү күчөтүшү керек.

4) диссертацияда көрсөтүлгөн анализди, санариптик материал менен ырастоо кылыш керек, аны аналитикалык таблицалар түрүндө форматтоо жасаш керек, анткени мындай изилдөөлөрдө графикалык талдоо өз алдынча иштебейт, алар да оригиналдуу санариптик маалымат менен ырасталышы керек;

5) изилдөөнүн жаңылыгын жана изилдөөчүнүн салымын айкыныраак формулировка кылыш керек.

08.00.12-бухгалтердик эсеп адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн талкууга сунушталган Бакай кызы Жамиланын диссертациялык иши 08.00.12-бухгалтердик эсеп адистигине статистика туура келет жана белгиленген сын-пикирлерди четтетүүнү эске алуу менен андан ары талкуулоо үчүн сунушталат.

**Омуркулова Г.К., э.и.к., доцент:** Бүгүнкү күндө «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү» темасы актуалду болуп саналат.

Кайра иштетүүчү ишканаларда стратегиялык заманбап шарттарда компаниялардын ийгиликтүү иштешине жана өнүгүсүнө салым кошкон инструмент катары саналат.

Диссертациялык иште стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүдөгү талдоолор, жүргүзүлгөн. Ошондой эле эсепти жүргүзүдөгү көйгөлөр аныктап жакшыртуунун жолдору сунушталган.

Ошол эле учурда диссертациянын иштеги төмөндөгү кемчиликтерди жана сын пикирлерди белгилесек:

1) 1 бөлүмдө чет өлкөлөрдөгү жүргүзүлгөн тажрибалар изилдеген.Бизден Республикага, бизден кайра иштеп чыгуу ишканаларга кайсы өлкөнүн тажрыйбасы ыңгайлуу экенин белгиленген эмес.

2) 2 бөлүмдөгү жүргүзүлгөн талдоонун стратегиялык башкаруу эсеби мене болгон байкалыш корсотулгон.

КАФЕДРАНЫН КОРУТУНДУСУ:

Бакай кызы Жамиланын диссертациясы актуалдуу темага жазылган, өз алдынча аткарылган аяктаган илимий - изилдөө иши болуп саналат.

Талкуулоодон, ачык добуш берүүдөн жана жыйынтык чыгаруудан кийин ТОКТОМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

1. Бакай кызы Жамиланын «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» темасындагы диссертациясы актуалдуу темада аткарылган, илимий жаңылыгы бар, бир катар теориялык корутундуларды жана практикалык сунуштарды камтыган бүткөрүлгөн илимий - изилдөө иши деп, ошондой эле Кыргыз Республикасынын УАКтын «Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө» жобосунун талаптарына толук жооп берет деп эсептелип бекитилсин.

2. Бакай кызы Жамиланын «Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)» темасындагы диссертациялык иши айтылган сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын коргоо үчүн андан аркы процедуралардан өтүүгө сунушталсын.

3. 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча кандидаттык экзамендин программасы бекитилсин.

**Отурумдун төрайымы,**
**«Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит»**
**кафедрасынын башчысы,**
**э.и.к., доцент** — **Ногойбаева Э.К.**

**Отурумдун катчысы,**
**ага окутуучу** — **Доолоткелдиева Н.М.**